Уманова Нургиз Давлетбековнанын "Суусамыр өрөөнүнүн жайыттарындагы "Алтыгана" бадалдарын геоэкологиялык баалоо жана алар менен күрөшүү технологиялары" деген темада 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине расмий оппоненттин

## ПИКИРИ

**1. Тандалган теманын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий, мамлекеттик программалар менен байланыштуулугу (илим менен техниканын практикасынын жана өнүгүүсүнүн өтүнүчү).** Кыргызстандын улуттук байлыгы - табигый жайыт тилкелери болуп саналат. Өлкөбүздүн табигый жайытка бай болгон Суусамыр өрөөнү малдар үчүн негизги тоют катары колдонулуп келет. Бирок, көп убакыт жана туура эмес баш аламан малды кармоодо жана жайыттарды туура эмес колдонуунун себебинен, бул өрөөндүн жайыт жерлеринде жылдан жылга тоют чөптөр жоголуп, алардын ордуна желбей, зыян келтире турган отоо чөптөр жана уулу өсүмдүктөр каптап, бадалдануусу күчөөдө. Азыркы учурда Суусамыр өрөөнүндө көйгөй болуп келген жайыттарды каптаган алтыгана бадалы болууда. Пайдасыз, зыян келтире турган, тикенектүү бадал көп орун алып, тоют чөп өсүмдүктөрүн жоготууга алып келип, жана ошондой эле, алар малдарга жаракат, оору алып келүүгө шарт түзүүдө. Азыркы учурда бул көйгөй өкмөттүн деңгээлинде каралып, эң актуалдуу болуп келүүдө. Жогорууда келтирилген көйгөйгөйлөр диссертациялык иште изилденип, алтыгана бадалы менен күрөшүү ыкмаларын сунуштоо менен жайыт аянттарынын абалын жакшыртуу, тоют өсүмдүктөрүнүн өндүрүмдүлүгүн жогорулатуу иш-чаралары негизделген.

**2. Илимий иштин диссертациялык кеңештин профилине жана адистиктин паспортуна дал келиши.**

Уманова Нургиз Давлетбекованын "Суусамыр өрөөнүнүн жайыттарындагы "Алтыгана" бадалдарын геоэкологиялык баалоо жана алар

менен күрөшүү технологиялары” аттуу темадагы 25.00.36. – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган илимий иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.25.24.698 диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

**3. Изденүүчү тарабынаналынган жаңы илимий жыйынтыктары.** Автор тарабынан алтыгана бадалдары менен күрөшүүдө жүргүзүлгөн эксперименттик ыкмалардын негизинде жаңы илимий натыйжалар алынган. Суусамыр өрөөнүнүн жайыттарын каптап бара жаткан алтыгана бадалына байкоо жүргүзүүлөрүнүн жыйынтыктары менен өлчөмүн туура билүү менен жок кылуу методикасы иштелип чыккан. Диссертациялык изилдөөлөрдү аткаруу боюнча бардык талап кылынган иштер диссертант тарабынан аткарылган:

1) баштапкы маалыматтарды топтоо жана аларды системалаштыруу;

2) статистикалык баалоо, керектүү ыкмаларды иштеп чыгуу жана алынган материалдарды илимий жактан талдоо;

3) аларды интерпретациялоо;

4) алынган натыйжаларды жана корутундуларды келтирүү.

**4. Илимий иштин жыйынтыктары жана даражасы.**

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн алдыга коюлган максатка жетүү үчүн милдеттерди деталдаштыруунун негизделген даражасы менен ырааттуу чечилип, ишти аткарууда статистикалык маалыматтардын жана алтыгана бадалын жок кылуу негизинде заманбап изилдөө методдору пайдаланылды.

Илимий жоболор, диссертациялык иштин жыйынтыктары жана корутундусу коюлган милдеттерге дал келет. Диссертациянын илимий

жоболорунун негиздүүлүгү жана тууралыгы алынган жыйынтыктардын натыйжалуулугу менен ырасталат. Тандалып алынган тема актуалдуу, талдоолор жүргүзүлгөн жана жалпыланган, диссертация боюнча тыянактар чыгарылган. Илимий иште алынган жыйынтыктын тууралыгын тастыктаган таблицалар жана сүрөттөр көрсөтүлгөн.

**5. Илимий натыйжалардын жана тыянактардын жаңылыгынын даражасы.**

АКШнын Геологиялык кызматынын (USGS) Earthexplorer сайтына жүктөлгөн ачык космосүрөттөр жардамы менен ArcGIS 10.3, ArcGIS pro 3.3.программалык комплексин колдонуп, алтыгана бадалдарынын таралуу аянтын изилдөөдө сунушталган аралыктан зондирлөө ыкмасы,MATLAB программасын колдонуу менен чөйрөдөгү алтыгана бадалынын убакытка жараша өсүүсүнүн, аянтта жайылышынын, алтыгана жапайы бадалын жок кылуу үчүн сунушталган механикалык жана химиялык ыкмалардын технологиялары жана тажырыйба аркылуу алынган маалыматтар тастыкталып, аныкталган.

**6. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын басылмалардагы жетиштүү толуктуулугу.** Диссертациянын негизги маазмуну боюнча 12 макала басылып чыккан (1 – Scopus базасындачыгарылган, 1 - РФ РИНЦ системасына кирген, импакт-фактору 0,791 болгон басылмаларында жарыяланган, 9 макала РИНЦ системасына кирет). Жарык көргөн эмгектери боюнча 230 балл топтогон.

**7. Диссертациянын мазмунун баалоо.** Диссертациялык иш киришүүдөн, негизги 3 баптан, корутундудан, колдонгон адабияттардын тизмесинен (147 аталыш) турат. Диссертациянын толук көлөмү – 165 барак, анын ичинде 7 карта, 42 иллюстрация, 24 таблица камтылган.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмунуна, ошондой эле кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмелер толугу менен дал келишет.

**9. Диссертациянын мазмуну жана жазылышы боюнча кемчиликтери**. Математикалык моделдерде аныкталган жыйынтыктар толугу менен түшүндүрүлгөн эмес жана диссертациялык иштин текстинде грамматикалык жактан каталар кездешет, бирок бул алынган илимий жыйынтыктардын актуалдуулугун жана илимий практикалык маанилүүлүгүн төмөндөтпөйт.

**10. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын “Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө” жобосунун талаптарына туура келиши.** Нургиз Давлетбековна Умregisterованын “Суусамыр өрөөнүнүн жайыттарындагы “Алтыгана” бадалдарын геоэкологиялык баалоо жана алар менен күрөшүү технологиялары” темасындагы диссертациялык ишинин көлөмү жана мазмуну боюнча толук диссертациялык илимий ишке жооп берет жана 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.25.24.698 диссертациялык кеңешинде ачык коргоого сунуштайм. Диссертация Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын “Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө” жобонун талаптарына жооп берет. Ал эми изденүүчү талап кылган даражага татыктуу деп эсептейм.

**Расмий оппонент,**
К. Тыныстанов ат. Ысык-Көл
Мамлекеттик университетинин Дистанттык
билим берүү жана квалификацияны
жогорулатуу борборунун мүдүрү,
география илимдеринин кандидаты, доцент **Р.С. Кермалиев**

Доцент Р.С. Кермалиевдин кол тамгасы тастыкталат.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ

ЖС кеңеш түшүү окумуштуу катчысы